Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА, "Кыргыз Туусу"

Ири инвестициялык долбоор

# «Алтынкен» компаниясы "Өз кесибинин мыкты чебери" сынагын өткөрдү

**Үстүбүздөгү жылдын 18-23-сентябрында «Алтынкен» компаниясы кендин аймагында: лаборанттар, электриктер, электр жана газ менен ширетүүчүлөр, ашпозчулар жана кен ташуучу унаалардын айдоочулары катышкан "Өз кесибинин чеберлери" аталган атайын техникалык кароо-сынагын өткөрдү.**

Сынактын максаты кызматкерлерди жаңы технологияны өздөштүрүүгө, колдонулуп жаткан технологияларды жакшы билгендиктерин көрсөтүүгө шыктандыруу, ошондой эле ар бир кесиптик тармак боюнча жогорку класстагы техникалык адистерди аныктоо болуп саналат, бул сынактар салтка айланып, үч жылдан бери катары менен өткөрүлүп келет.



Ал эми эң «даамдуу» таймаш ашпозчулардын мелдеши болду. Ашкананын жакшы жасалган үстөлү ар түрдүү тамакаштан ийилип турду.

Кондитерлердин, булочкалардын жана башка даамдардын ресторандай жасалганалышы калыстардын гана эмес, жалпы катышуучулардын, көрүп отургандардын баарынын көңүлүн бурду.

Ашпозчулардын эң биринчи милдети жемиш ширелерин жана кесимдерин берүү болду, алар дасторкондун фантастикалык жасалгасына айланган. Ал эми эттен жасалган даамдар ушунчалык табиттүү жана даамдуу болгондуктан комиссия байгелерди чечүүдө кыйынчылыкка дуушар болду.

Акыркысы кен ташуучу машинисттердин мелдеши болду. Мелдештин катышуучулары машина айдоо, тоо-кен шарттарында жол эрежелерин сактоо, тоннелден өтүү, руданы жүктөө, ташуу жана түшүрүү эрежелери боюнча өз өнөрлөрүн көрсөтүштү.

Ар бир сынак теориялык жана практикалык этаптардан турду. Судьялардын калыстыгы, сынакка катышкан катышуучулардын көптүгү катышуучуларды толкундатпай койгон жок. Бул айрыкча лаборанттардын арасында байкалды.

Конкурстун тапшырмалары практикада көп жолу аткарып жүргөндөй көрүнгөнү менен баары бир комиссия мүчөлөрүнүн сынаакы көз карашынын алдында, лаборанттардын колдору толкунданганыктан титиреп кетип жатканы байкалып турду.

Айтмакчы, электриктердин практикалык конкурсу да өзүнчө кызыктуу өттү, анткени ар бир эле электриктин татаал электр схемасын чогултуусу кыйын. Ошондуктан сынактын катышуучуларына мурда билгендерин жана үйрөнгөндөрүн бир сыйра кайра баштан эстегенге туура келди. Ар кандай жаңылышуу жабдуулардын иштешине тескери таасир этиши мүмкүн эле.

Маанилүү жагдай схеманы бир гана түзүп чыгуу эмес, андагы бузууларды да таап, ондоп кетүүлөрү керек эле. Катышуучулардын бири бул тапшырманы так аткарып, калыстардын гана эмес, сынактын бардык катышуучуларынын кол чабуусуна ээ болду.



Ошол эле учурда ширетүүчүлөрдүн сынагы катарлаш өтүп жатты, анда практикалык тапшырма түтүктү так кесүү жана бул тетиктерди эки «чыканактын» ортосуна кынтыксыз бириктирүү болду.

Ошол күнү аба ырайынын суук болгонуна карабай, сынактын катышуучуларынын көбүнө «ысык» болгону көрүнүп турду. Анткени, ачкалай сыйлык гана эмес, кесиптештер арасында абройго ээ болуу маселеси да турган эле.

## Сынактын жыйынтыгы тиешелүү комиссиялар тарабынан чыгарылды

Сыйлыктарды тапшыруу аземи 2023-жылдын 29-сентябрында компаниянын жыйындар залында компаниянын жетекчилигинин катышуусунда өттү. Сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо концерттик программа менен коштолду.

Бул күн ошондой эле Кытайда Жаңы жылдан кийинки экинчи маанилүү майрам болгон "Күздүн ортосу" майрамына туш келди.

Өз сөзүндө «Алтынкен» ЖЧКсынын башкармалыгынын мүчөсү А.М.Алиев кытайлык кесиптештерин Ай майрамы (майрамдын экинчи аталышы) менен куттуктап, аларга үй-бүлөлүк бакыбатчылык каалады.

Жыйынтыктап жатып, «Алтынкен» компаниясынын башкы директору Вэнь Яфен куттуктоо сөзүндө «Кесибинин мыкты чебери» кароо-сынагы мыктыларды гана аныктабастан, эмгек жамаатындагы достукту чындоодо жана адистердин квалификациясын жогорулатууга түрткү берүүдө чоң мааниге ээ экенин белгиледи.







Айдоочулардын сынагы


Сыйлык тапшыруу аземи













Электриктердин сынагы

# «Алтынкен» компаниясы улуу муундун өкүлдөрүн «Карылар күнү» менен куттуктады

**1-октябрда Кыргыз мамлекетинде «Карылар күнү» белгиленгендиктен, «Алтынкен» компаниясы салттуу түрдө Кемин районундагы 30га жакын чоң ата, чоң энелерди, ошондой эле «Күн шооласы» карылар үйүндөгүлөрдү атайын барып куттукташты.**

Бул майрамда «Алтынкен» компаниясынын башкы директорунун орун басары А.Т.Токтобаев баштаган компания кызматкерлери карылар үйүнүн жашоочуларын куттуктап, кой, ун, өсүмдүк майы жана мөмө-жемиш түрүндөгү белектерди тапшырышты.

«Күн шооласы» карылар үйүнүн директору Т. Синюк «Алтынкен» компаниясынын ар бир майрамда унутта калтырбай дайыма камкордук көрүп турганына ыраазычылык билдирди.

Ушул эле күнү компаниянын өкүлдөрү Чоң-Кемин өрөөнүндө жашаган эки керемет байбичелер Талканбаева Белек менен Мамырова Алканга барышты.

Алар быйыл 103 жана 101 жашка толду. «Алтынкен» компаниясынын атынан райондун кылым карыткан ардагерлерине гүл, азык-түлүк пакети жана ар бирине 5000 сомдон акчалай сыйлыктар тапшырылды.

Өз кезегинде кадырлуу байбичелер компанияга тынчтык, жакшылык жана ийгиликтүү иштөөнү каалашты.

Кемин районунун ар бир жараны «Алтынкен» компаниясын сыймыктануу менен айтышат. Себеби, «Алтынкен» компаниясы Кемин районунда ар бир майрамда жергиликтүү тургундарды куттуктап, белектерин тартуулап келет.

Мындан сырткары, тагдырдын сыноосуна туш келген жарандарга дагы көңүл буруп, жакындан жардам берип жатышканын баса белгилеп кетүү зарыл.



